Долбоор

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин буйругу**

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигинин 2022-жылдын 18-ноябрындагы №57-нпа “Чайна Петроль Компани “Джунда” ЖЧК нефтини кайра иштетүүчү заводдун объекттерин эксперименталдык долбоорлоо жана куруу жөнүндө” буйругуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

“Шаар куруу жана архитектура жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы техникалык жөнгө салуу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы №115 “Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 25-июнундагы № 44 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай – коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги (мындан ары – Мамкурулуш) жөнүндө жобону жетекчиликке алуу менен, **буйрук кылам**:

1. “Чайна Петроль Компани “Джунда” ЖЧК нефтини кайра иштетүүчү заводдун объекттерин эксперименталдык долбоорлоо жана куруу жөнүндө” 2022-жылдын 18-ноябрындагы № 57-нпа Мамкурулушунун буйругуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

төмөнкү мазмундагы $1^1$ пункту менен толукталсын:

“$1^1$. Кытай Эл Республикасынын (КЭР) GB 50160-2008 “Мунай-химиялык заводдор үчүн өрткө каршы долбоорлоо стандарты” (2018-ж. чыгарылыш) стандартын “Чайна Петрол Компани Джунда” ЖЧКсынын мунайды кайра иштетүүчү заводуна гана колдонуу үчүн киргизилсин.”

2. Мамкурулуштун курулуш башкармалыгы:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы №117 “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө” токтомуна ылайык ушул буйруктун расмий жарыяланышы боюнча чараларды көрсүн;

- расмий жарыяланган күндөн тартып үч жумуш күндүн ичинде бул буйруктун эки нускадагы көчүрмөлөрүн мамлекеттик жана расмий тилдерде, аталган буйрукту жарыялоо булагын көрсөтүү менен Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине

киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн;

- бул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып үч жумушчу күндүн ичинде буйруктун көчүрмөлөрүн маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жөнөтсүн.

3. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

4. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо Мамкурулуштун директорунун орун басары М.О. Молдомырзаевге жүктөлсүн.

**Директор** **Н.К. Орунтаев**